# МААЛЫМАТТЫК КАТ

ОРГАНИЗАЦИОННЫЙ КОМИТЕТ

КГТУ им.И.Раззакова

ГУ «Бишкекглав архитектура»

Институт Архитектуры и Дизайна

при поддержке

Eurasian Symposium for Architecture, Urbanism and Design

ESAUD-2023

**Урматтуу кесиптештер!**

***«ESAUD – 2023»Биринчи Евразиялык архитектуранын, шаар куруунун жана дизайндын симпозиумуна***

Сизди катышууга чакырабыз.

**Өткөрүү датасы:** 2023-ж. 25-27-май

**Өткөрүү орду:** 720044, Кыргызстан, Бишкек ш. Ч.Айтматов, 66 пр. И.Раззаков атн. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

**Жумушчу тилдер:** кыргыз, орус, англис тилдеринде

## СИМПОЗИУМДУН МАКСАТЫ

Туруктуу өнүгүү, климаттын өзгөрүшү, экологиялык коопсуздук, санариптик трансформация жана экономикалык натыйжалуулук сыяктуу заманбап талаптарды жана тенденцияларды эске алуу менен архитектура, шаар куруу жана дизайн чөйрөсүндөгү учурдагы жетишкендиктерди жана көйгөйлөрдү талкулоо жана билим алмашуу үчүн интеграцияланган платформаны түзүү.

Симпозиум ошондой эле архитектура чөйрөсүндө дисциплиналар аралык кызматташтыкка, социалдык жоопкерчиликке, архитектура, шаар куруу жана дизайн тармагындагы инклюзивдүүлүккө жана жеткиликтүүлүккө басым жасоо менен билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүктө инновациялык ыкмаларды жана технологияларды өнүктүрүү боюнча келечектүү идеяларды, сунуштарды жана сунуштамаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга салым кошот.

Симпозиумдун маанилүү аспектиси болуп бул тармактарда иштеген адистердин жана уюмдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн эл аралык кызматташты жана тажрыйба алмашууну илгерилетүү, ошондой эле алардын сапатын жогорулатууга багытталган бирдиктүү стратегияларды жана ыкмаларды калыптандыруу менен адамдардын турмушу жана жыргалчылыгын жакшыртууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

**СИМПОЗИУМДУН АЛКАГЫНДА** катышуучулардын арасында билим, тажрыйба жана идеяларды алмашуу үчүн бир катар иш-чаралар уюштурулат. Симпозиумдун негизги иш-чаралары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- **Эл аралык илимий-практикалык конференция (8 секция)** – архитектура, дизайн жана шаар куруунун актуалдуу маселелери боюнча алдыңкы эксперттердин жана окумуштуулардын баяндамалары.
- **Чыгармачылык жетишкендиктеринин көргөзмөсү** – симпозиумдун катышуучуларынын эмгектерин, долбоорлорун жана идеяларын көрсөтүү.
- **Тегерек стол** – конкреттүү көйгөйлөрдү жана милдеттерди чечүүгө багытталган ар кандай кесиптик областардын жана тармактардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен талкуулар, пикир алышуулар.
- **Конок-лекциялар** – өнөр-жайды өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларына жана перспективаларына багытталган архитектура, дизайн жана шаар куруу жаатындагы белгилүү инсандардын баяндамалары.
- **Тренингдер, семинарлар, мастер-класстар** – катышуучулардын конкреетүү көндүмдөрүн жана компетенцияларын өнүктүрүүгө арналган тажрыйбалуу адистер жана таанылган эксперттер тарабынан өткөрүлүүчү иш-чаралары.

## ИШ-ЧАРАЛАРДЫН КЫСКАЧА АННОТАЦИЯСЫ

**«Архитектура, шаар куруу жана дизайндагы заманбап тенденциялар»** аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция 8 секциялык сессияда өткөрүлөт. Толук текшерүүдөн өтүп жана талаптарга жооп берген макалалар «КМТУ жарчысы» илимий журналына жарыяланат. (РИНЦ), www.elibrary.ru.
Катталууга шилтеме: https://forms.gle/My6QS9Fz3a35DxYj6

**ОНЛАЙН РЕГИСТРАЦИЯ НА НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКУЮ КОНФЕРЕНЦИЮ**

**1-секция.** Архитектуранын жана кесиптик билим берүүнүн заманбап көйгөйлөрү;
**2-секция.** Архитектуралык долбоорлорду түзүүнүн тарыхый жана заманбап өбөлгөлөрү. Чыгыш жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экологиясы.
**3-секция.** Шаар куруунун заманбап көйгөйлөрү;
**4-секция.** Тарыхый-маданий мурастар: изилдөө, сактоо жана өнүктүрүү;
**5-секция.** Дизайндагы заманбап көйгөйлөрү жана инновациялар;
**6-секция.**Архитектура, дизайн жана шаар куруудагы экологиялык коопсуздук;
**7-секция.** Маалыматтык технологиялар жана архитектурадагы компьютердик дизайн;
**8-секция.** Курулуш билим берүүсү жана илими.

- **Чыгармачылык жетишкендиктеринин көргөзмөсү.** Чет өлкөлүк жана ата мекендик архитектуралык-курулуш университеттеринин, колледждердин, чыгармачыл бирикмелердин, архитектуралык-долбоорлоочу студиялардын, мастер-класстардын жана башкалардын өкүлдөрү катышат.
- **Көргөзмө-кароо сынагы** – студенттер үчүн ( курстук жана дипломдук иштер, БКИ), магистранттар үчүн (магистрдик диссертация), жаш окумуштуулар үчүн (илимий-изилдөө иштери) бир нече номинациялардан турат.
  Катталууга шилтеме: https://forms.gle/dF5Jrz5DdVduQxPT8

  **ОНЛАЙН РЕГИСТРАЦИЯ НА СМОТР-КОНКУРС**
- **Стейкхолдерлер менен тегерек стол** – КРАБ, КР Мамкурулуш, архитектуралык-дизайнердик уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда секциялык отурумдарда өткөрүлөт.
- **Конок-лекциялар** – өнөр-жайды өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларына жана перспективаларына багытталган архитектура, дизайн жана шаар куруу жаатындагы белгилүү инсандардын баяндамалары.

## СИМПОЗИУМДУ УЮШТУРУУДАГЫ НЕГИЗГИ МӨӨНӨТТӨР:

- Катышуучулардын билдирүүсү жана каттоосу–2023-ж.20-апрелден –10-майга чейин;
- Макаланын толук тексттин тапшыруу - 2023-ж. 5-майга чейин (кошулуп);
- Материалдарды даярдоо - **2023-ж. 15-майга чейин;**
- Симпозиумдун программасынын жыйынтыктоочу варианты - **2023-ж. 20-майга чейин;**
- Симпозиумдун ишине катышуу - **2023-ж. 24-27 май;**
- Симпозиумдун жыйынтыктарын чыгаруу, жабылышы - **2023-ж. 27-май.**

## ЖООПТУУ УЮШТУРУУЧУЛАРДЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ:


- Кожобаева Салтанат Толонбаевна kozhobaeva-s@kstu.kg, +996778218484 (w/a)
- Искендеров Улан Джолдошбекович ulanbek.iskenderov@kstu.kg +996559167779
- Ибраев Миржан Елбекович m.ibraev@kstu.kg +996550204069


Конференциянын жана көргөзмөнүн материалдарын эл.дарегине: iad_nauka@kstu.kg, iad@kstu.kg жөнөтсөңүздөр болот.

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР! Көптөгөн өтүнүчтөр боюнча конференцияга жана көргөзмөгө онлайн билдирүү 20-апрелден баштап активдүү болот.**